Жаштык бул - ЖИГЕР!

# ӨНУР

85 ЖЫЛ

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№05 (228) 2024-жыл, октябрь   Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## “ЫР БАШАТ” АТТУУ ПОЭЗИЯ КЕЧЕСИ БОЛУП ӨТТҮ




4-бет

## МЕН СТУДЕНТМИН





8-бет

## ЖАШТАР КЕҢЕШИНЕ ТӨРАГА ШАЙЛАНДЫ



2-бет

## КАРА БОЁК КОЛДОНУЛБАЙ ТАРТЫЛГАН ТҮН



7-бет

## ХОББИСИН БИЗНЕСКЕ АЙЛАНДЫРГАН ЭЛДАНА



6-бет

# ЖАШТАР КЕҢЕШИНЕ ТӨРАГА ШАЙЛАНДЫ

2024-жылдын 15-октябрында Ош мамлекеттик университетинде студенттик кеңештин төрагалык кызматына шайлоо болуп өттү. Шайлоого эсептөө комиссиясынын төрагасы, мүчөлөрү жана университеттин студенттери катышты.

**Эсептөө комиссиясынын курамы:**

- Төрага: Турдубаев Бактыбек
- Мүчөлөр:


1. Маманов Сагынбек
2. Арипов Азамат
3. Акунов Нурсейит
4. Нурматова Мехрибону (катчы)

**Төрагалык кызматка талапкерлер:**

1. Манасов Жылдызбек
2. Кенжеев Токторбай

Жалпы 227 студент шайлоого катышып, алардын ичинен 24 бюллетень жараксыз деп табылып, 3 бюллетень жокко чыгарылды. Добуш берүүнүн жыйынтыгында Манасов Жылдызбек 48 добуш, ал эми Кенжеев Токторбай 152 добуш алып, Ош мамлекеттик университетинин студенттик кеңешинин төрагалык кызматына шайланды.









# САЛАМ, УРМАТТУУ МУГАЛИМДЕР ЖАНА СТУДЕНТ ДОСТОР!

Мен, Токторбай Кенжеев, Ош мамлекеттик университетинин студенттик кеңешинин жаңы шайланган төрагасымын. Бул жоопкерчиликти артынуу менен университетибизде студенттик өмүрдү жандандыруу жана өнүктүрүү максатында сиздер менен иш алып барууга абдан кубанычтамын. Жалпы студенттердин башын бириктирүү максатында, алдыңкы мөөнөттө сиздер менен тыгыз кызматташууга, биздин алдыга койгон максаттарга биргеликте жетүүгө аракет кылам. Ар бир студенттин үнүн угуп, алардын сунуштарын жана пикирлерин байкап, студенттердин өнүгүүсү үчүн болгон аракетимди жумшайм. Студенттик кеңештин ар бир мүчөсү — бул биздин университеттин келечеги. Ошондуктан, биз биргеликте университетибизди жакшы жакка өзгөртүү үчүн иштейбиз.

Менин максаттарымдын бири — жаштар саясаты багытында иш алып барып, коомдо өз ордун табам деген студенттерди колдоо. Биздин жаштарыбыз — бул биздин өлкөбүздүн келечеги, ошондуктан, алардын идеялары, сунуштары жана көз караштары биз үчүн өтө маанилүү. Биздин студенттик кеңеш ар дайым жаштардын муктаждыктарын жана күтүүлөрүн эске алып, тиешелүү аракеттерди көрөт. Алдыга койгон максаттарыма жетүү үчүн, университетти ар тараптан таанытууга, жана сиздердин идеяларыңыз менен ой-пикирлериңизге негизделген долбоорлорду ишке ашыруу үчүн, ар бир студенттин ою маанилүү. Сиздердин катышууңуздар, сунуштарыңыздар жана активдүүлүгүңүздөр биз үчүн чоң баалуулук. Биргеликте өз идеяларыбызды ишке ашырып, университеттин студенттик жашоосун жандандырууга, андан ары өнүктүрүүгө жана жаштардын коомдогу ордун чыңдоого аракет кылып, келечекте чоң ийгиликтерге жетишебиз. Студенттердин арасында болгон бардык өнүгүүлөр, коомубуздун жашоосуна да өз таасирин тийгизет.

Бул жолдо мен силердин колдооңорду жана активдүүлүгүңөрдү күтөм! Биз бирге эң жогорку бийиктиктерге жете алабыз!

**ОшМУнун акыйкатчы аппараты**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# “АКЫНДАР АРАБЫЗДА” АТТУУ ПОЭЗИЯ КЕЧЕСИ БОЛУП ӨТТҮ

17-октябрда Ош мамлекеттик университетинде окутуучулардын башын бириктирген “Акындар арабызда” аттуу поэзия кечеси болуп өттү. Кечеге билим берүү, илим изилдөө менен бирге акындык өнөрдү да аркалаган окутуучулар катышты. Ал эми Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун профессору Гүлбадан Матиева, эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасынын башчысы Маралбек Осконбаев, Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун профессору Саткынбай Момуналиев, факультеттер аралык кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу Бермет Закирова, окуу жайдын орто кесиптик билим берүү департаментинин директору Чыңгызбек Мамажакып уулу, Табият таануу институтунун химия жана химиялык технологиялар бөлүмүнүн окутуучусу Рахима Байматова, ушул эле бөлүмдүн доценти Өмүрбек Жапаров жана Медициналык колледждин кызматкери Майрамбек Умаровдор конок катары чакырылды.

Иш-чара “Жигер” чыгармачылык жаштар борборунун сахналык көрүнүшү менен башталды. Андан кийин окутуучулар өздөрүнүн ырларынан көркөм окуп, кошумча таланттарын көрсөтүштү. Кеченин 3-бөлүгүндө окутуучуларга бир нече сөз берилип, ошол замат сөздөрдү катыштырып ыр жазуу тапшырмасы коюлду. Ар бир акын өзүнүн өзгөчөлүгү менен кыска убакыт аралыгында ыр жазып, көрөрмандардын алкышына татыды.

Поэзия кечесин Коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректор Нуржамал Мапаева менен “Жигер” чыгармачылык жаштар борборунун жетекчиси Дүйшөнбек Бектемир уулу демилгелеген. Уюштуруучулардын билдиришинче, калемгерлердин кечеси университетте поэзияны жандандырып, акындар чөйрөсүн бекемдөө, жашырылган таланттарды жалпыга таанытуу максатында колго алынды. Мындай иш-чаралар мындан ары да демилгеленип турат.



















**ОшМУнун маалымат борбору**

# ЫР БАШАТ



Индустриалдык-педагогикалык колледжде студенттер үчүн таланттуу жаш акын, ушул эле колледждин студенти Элмирбек Жеңишбек уулунун "Ыр башат" аттуу поэзия кечеси болуп өттү. Кечеге Индустриалдык-педагогикалык колледждин директору, доцент Э.М. Манашов, филологиялык дисциплиналар циклдик комиссиясынын төрайымы Д. Ызабекова, колледждин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ы. Термечикова, математикалык дисциплиналар циклдик комиссиясынын окутуучусу Э. Кутпидин уулу жана студенттер катышып, автордун ырларын угушуп, кече ар кандай ыр-бийлер менен коштолду. Кызыккан студенттерге автордун китептери таратылды.

## Акындар

Биз ырларды кен казгандай казабыз,
Калем менен ак баракка жазабыз.
Жаратканга шүгүр айтып ар дайым,
Ырдын бийик тоосун көздөй шашабыз.

Акын дайым эргип жазат ырларды,
Кыялында ашат бийик кырларды.
Из калтыруу үчүн ушул дүйнөдө,
Ачып берет оюндагы сырларды.

Эргүү менен өткөрүшөт өмүрдү,
Эл аралап көтөрүшөт көңүлдү.
Калем кармап не бир залкар акындар,
Карт тарыхтан өчпөс болуп көрүндү.

Кыял минип алыстарга учабыз,
Кыйындыкты ырлар менен утабыз.
Акындыктын ысык-суугун көтөрүп,
Канат күүлөп көк асманда сызабыз.

Ыр дүйнөсү акындардын аймагы,
Талант күчү акындыкка байлады.
Түбөлүккө өчпөс кылып жараткан,
Поэзия түгөнбөгөн каймагы.

## Ата-эне

Жашоомо жарык берген асылдарым,
Ар дайым айтат мага акылдарын.
Ата-энем таянар тоом силерсиңер,
Жүрөктүн төрүндөгү жакындарым.

Энекем бейишимдин эшигисиз,
Атакем ырыс толгон кешигимсиз.
Эсеби жок сыйкырдуу сөзүңүздөн,
Жалындаган балдарың жетилиппиз.


Жылдар эмес кылымдык болуңуздар,
Биз үчүн бийик турат ордуңуздар.
Алтындан кымбат болгон асылдарым,
Армансыз болсун баскан жолуңуздар.









"Мыкты калемгер" төш белгисинин ээси, "Ыр башат" китебинин автору Элмирбек Женишбек уулу Ош облусунун Араван районуна караштуу Чөгөм айылында 2002-жылдын 7-июнь күнү туулган. Ырга болгон кызыгуусу мектеп жашынан башталган. Бир нече ырлары коңшулаш элдердин тилдерине да которулуп, жергиликтүү газета-журналдарга такай жарыяланып турат. Элмирбек Ош шаарындагы № 12-кесиптик лицейин кызыл диплом менен бүтүргөн. Ниязалы Борошев атындагы музыкалык колледжинин 1-курсунда окуп жаткан учурда аскерге кызмат өтөгө чакырылып, аскердик милдетин татыктуу өтөп келген. Ошондой эле, Алыкул Осмонов атындагы фонд тарабынан чыгармалары бааланып Ардак грамота менен сыйланган. Ош шаарындагы калем кармаган жаштарды чыгармачылыкка тартып, алдыга үндөө максатында, "Үмүт" адабий-коомдук бирикмесин түзүп, жетектеп келет. Жакында Бишкек шаарында өткөрүлгөн "Алыкулду окуйбуз" аттуу эл аралык сынакта ырлары бааланып, акындар арасында 2-орунду, студенттер арасында 1-орунду ээлеп, Ардак грамота жана Алыкул Осмоновдун "Эстелик медалы" менен сыйланган.


Учурда Ош шаарындагы Ош мамлекеттик университетинин Индустриалык-педагогикалык колледжинин биринчи курсунун студенти жана ушул эле окуу жайдын студенттик кеңешинин торагасы.



**С. Маматкары уулу**

Жаштык бул - ЖИГЕР! НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# ИНТРОВЕРТТЕР ЭҢ МЫКТЫ ЛИДЕРЛЕРБИ?



## ЛИДЕРЛЕРДИН 40%Ы ИНТРОВЕРТТЕР

Интроверттер ийгиликтүү лидер боло албайт деген ишенимди четке кагыңыз. Тескерисинче, дүйнөгө таанымал лидерлердин 40% ы интроверттер экени белгилүү. Лидерлик эмне үчүн өзүн-өзү ойлогон адамга калтырылышынын алты себебин билсеңиз канчалык ийгиликтүү лидерлер интроверт экенине таң каласыз. Алардын көбү бир убакта бейпил мүнөзү жана өздөрү жөнүндө башкалардын туура эмес пикири менен күрөшүүгө туура келгенин моюнга алышат. Көпчүлүк адамдар билгендей адамдар өздөрүнүн жөндөмдөрү боюнча үч түргө (типке) бөлүнөт. Алар экстраверт, интроверт жана амбиверт. Бүгүн биз силер менен интроверттердин өзгөчө касиеттери тууралуу сүйлөшөбүз.

Сурамжылоого ылайык, эркектердин 55-60%ы, аялдардын 50-55%ы интроверттер. Көпчүлүк учурда эч кимге жашыруун эмес, эки талапкердин ичинен компания экстраверттерди жумушка алат. Бирок, эң кадыр-барктуу жана ийгиликтүү адамдардын интроверт болуп калышы жөн эле кокустук эмес. Мисалы: Билл Гейтс, Уоррен Баффет, Авраам Линкольн, Эйнштейн, Чарльз Дарвин, Майкл Джордан, Чарльз Шваб, Ларри Пейдж, Стив Возняк, Дж.К.Роулинг жана Стивен Спилберг.

## 1. ЖАКШЫ УГУУЧУ БОЛУШАТ

Интроверттер жакшы угуучулар деп эсептелет. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, интроверт лидерлер активдүү командалар менен абдан ийгиликтүү болушат, анткени алар ар дайым өз командасынын айтканын кунт коюп угат. Эгерде сиз экстраверт болсоңуз, анда интроверт кесиптештериңизден угуу жөндөмүн үйрөнүшүңүз керек. Бул аркылуу сиз да өз оюңузду мыкты жеткирип, команда менен мыкты кайтарым байланыш түзө аласыз.

## 2. ЖАЛГЫЗ БОЛГОНДУ ЖАКШЫ КӨРҮШӨТ

Жалгыз болгондо интроверттер өзүнө жакшыраак көңүл бурушат. Бул аларга өз алдынча ой жүгүртүүгө, мониторинг даярдоого же концепцияны жакшы иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет, ошондой эле өзүн өнүктүрүүгө да зор шарт түзөт. Мисалы экстраверттердин баары эле мактана албайт, анткени алар баарлашуудан энергия алышат. Мындай мүмкүнчүлүк экстраверттер үчүн аларга ашыкча олку-солкулуктардан качууга жана андан да чоң чечкиндүүлүккө ээ болууга жардам берет. Ал эми жалгыздык биздин ой жүгүртүү жөндөмүбүздү өнүктүрөт. Бул жерде интроверттерден үйрөнө турган көп нерсе бар экенин байкоого болот.

## 3. ДАЯРДОО ЧЕБЕРЛЕРИ

Ойчулдук жана кылдат даярдык ар бир жетекчинин принциби, ал эми интроверттер үчүн бул жашоонун табигый принциптери. Себеби интроверттер сүйлөөрдөн мурун ойлонушат. Алар жоопторду даярдоого убакыт бөлүшөт да, максаттарын так даана коюп, берилген жоопкерчиликти так аткарышат.

## 4. ӨЗДӨРҮН СЫНДАП ТУРАТ

Интроверттер ар бир кыла турчу жумушун, бере турчу тапшырмасын толуккандуу түшүнүктүү кылып жеткирүү үчүн аябай көп убакыт бөлүшөт. Фокус жана маалымдуулук лидердин жана анын командасынын өсүшү үчүн абдан маанилүү эмеспи. Лидердин өзүн сынап көргүсү келгени команда мүчөлөрүн да ушундай кылууга түртөт, өздөрүн, теңтуштарын жана команданын мыкты болушун баалашат.

## 5. МАСЕЛЕНИН ТҮБҮНӨ ЖЕТЕ АЛЫШАТ

Жаңы маселелерге өтүүдөн мурун, интроверт лидерлер алардын алдында турган көйгөйлөрдү жана идеяларды изилдеп, терең казууну жакшы көрүшөт. Алар кенен эмес, терең ойлонушат. Алар үстүртөн сүйлөшүүгө эмес, талкууга тартылышат, жакшы суроолорду берип, жоопторду укканды билишет.

## 6. ТОКТОО КЕЛИШЕТ

Өзүнө ишенүү сезимин көрсөткөн лидерлер компания үчүн кереметтерди жасай алышат. Кырсык болгондо же компаниянын абалы өтө оор болуп калганда, тынчсызданган жетекчинин отчетторду талап кылган көрүнүшүнөн өткөн жаман жана көңүл чөгөрүүчү эч нерсе жок. Интроверттер эмоцияларын кантип башкарууну билишет жана муну табигый түрдө жасай алышат. Алардын камкордугу, талдоо жөндөмдүүлүгү жана тынч иш-аракеттери компаниянын кызматкерлерин шыктандырууда мыкты натыйжалуу көрсөтүп, башка кесиптештеринде бирдей деңгээлдеги мамилени кармап турат. Албетте, экстраверттердин көптөгөн артыкчылыктары бар, бирок интроверттердин башкаларды угуу, пландаштыруу, теориялоо жана маалыматты уюштуруу жөндөмдөрү өзгөчө баалуу жөндөмдөр!

P.S. Эч ким экстраверттер чоң лидер эмес деп айтпайт. Алар жакшы лидерлер. Муну ийгиликтүү лидерлердин 40% интроверттер, калгандары экстраверттер экендиги тастыктап турат. Амбиверттердин (Ambiverts) да жакшы жана жаман жактары бар. Бирок, биз көбүнчө экстраверттерге биринчи көңүл бурабыз. Бирок интроверт уялчаактыктын синоними дегендик эмес. Бул кенен түшүнүк. Интроверттерди пассивдүү жана жөндөмсүз деп эсептөө жаңылыштык. Алардын өздөрүнүн баалуу сапаттары бар жана алар улуу лидер боло алышат. Бул жетекчи кызматтарда гана эмес, бардык деңгээлде көрүнөт. Биз интроверттерди кубаттап, алардын инсандык сапаттарын баалашыбыз керек.

**Айзирек Гадаева**

# ХОББИСИН БИЗНЕСКЕ АЙЛАНДЫРГАН ЭЛДАНА

Хобби – бул жөн гана эс алуу эмес, ал жашоого кубаныч, шыктануу алып келе турган чоң мүмкүнчүлүк. Көпчүлүк адамдар үчүн хобби жеке кызыкчылыктарды канааттандыруу үчүн гана кызмат кылса, кээ бирлер үчүн ал келечектеги ийгиликтин башаты болуп калат. Мындай мисалдардын бири – өзүнүн хоббисин пайдаланып, аны ийгиликтүү бизнеске айландырган Элдананын окуясы. Ал жашоодогу жөнөкөй жасаган нерселерин пайдаланып, өзүнө гана эмес, коомго да чоң пайда алып келе турган демилге көтөргөн. Бул чыгарылышта биз анын жолунан сабак алып, хобби менен ишкерликтин кантип айкалыша аларын талдайбыз.





## ӨЗҮМДҮ МУГАЛИМ ЭЛЕСТЕТЕТ БОЛЧУМУН

Мен, Талантбек кызы Элдана, 2003-жылы Кара-Суу районуна караштуу Савай айылында төрөлгөм. Үй-бүлөдө 4 бир туугандын экинчисимин. Азыркы учурда МФТИТ институтунун 4-курсунун студентимин. Жаңы идея менен өзгөчө нерселерди жаратууга аябай кызыгам. Өзүмдү тамак-аш, торттор дүйнөсүндө көрөм деп эч ойлогон эмесмин. 1-2-курста окуучуларды математикадан ЖРТге даярдап иштегем. Жаз айларында "Шоколаддагы курма" башкача айтканда "Финики в шоколаде" папулярдуу болгон эле. Кандай жасалышын интернеттен карап, жасап көрүп, инстаграмга киргизгем. Ошондо эле досторум, тааныштарым "мага да жасап берчи" деп буюртмалар түшө баштаган. Ошентип, менин биринчи бизнесим ошол болгон. Бизнеске болгон биринчи кадамдар мына ошондо башталган. Окуучуларды ЖРТге даярдап жаткан учурда максатым башка болчу. Өзүмдү мугалим элестетет болчумун. Мен негизи график менен иштей албайм. Каалаган убагында, каалаган саатында ишке бара турган кылып график түзөм деп ойлонот болчумун. Мына ошондо торт жасоо идеясы оюма келген. Инстаграмдан Элгиза (daamduu_kitchen) эженин тортторун көрүп аябай суктанчумун. Мен дагы ушинтип торт жасап калсам экен деп тилек кылгам.

## ХОББИ БИЗНЕСКЕ АЙЛАНДЫ

Бюджеттик негизде окугандыктан каникул учурунда да стипендия түшөт болчу. Алган стипендияны иштетпей топтоп жүрүп торттордун масстер классына катышкам. Мына ошентип бир кыялым ишке ашып, торттор дүйнөсүнө да саякат алдым. Биринчи өзүмө торт жасап, инстаграмга киргизгем. Киргизгенден кийин эле тайпалаш кызымдан буюртма түштү. Атасынын туулган күнү экен эле. Ошондо биринчи жолу буюртма менен торт жасадым. Андан кийин классташ досум буюртма берген. Мына ошентип тааныштарым, досторум, тайпалаштарым колдоп, хобби бизнеске айланды.

## ТҮНҮ МЕНЕН ТОРТ ЖАСАП ЧЫГАТ ЭЛЕМ

Бардык нерсе өзүнөн өзү болуп калбайт, аракет аркылуу болот. Адам аракет кылып, кыймылдаса гана бир нерсеге жетет. Жашоодо эмнени ойлосоң жакын арада ошол нерсени колуңа кармайсың дейт го, мен торт жасоону кыялданып ошол нерсени колума ала алдым. Биринчи жасап баштаганда күнүнө 2-3 саат гана уктайт болчумун. Түнү менен торт жасап чыгат элем. Торт жасоо менен эле тим болбостон онлайн курстарды сатып алып, окуп жаттым. Бир жагынан окуум да өз ордунда, бизнесим да өз ордунда кетип жатты. Каалаган убагымда иштейм, кааласам заказ алам каалабасам албайм (күлүп). Студент үчүн бул эң чоң жетишкендик эле. Бизнесимен түшкөн акчалар муктаждыктарыма кеңири жетет.

Баары сурашат: "Кантип жетишесиң, кантип жасайсың, көп акча керек ээ?", -деп. Жок, андай эмес. Эгерде адамда күчтүү каалоо болсо, баарын кылса болот. Мисалы, мен стипендиямын акчасына эле окугам. Үйдөгүлөр жума сайын акча берет эле. Топтоп жүрүп 3000 сомдук аппарат алгам. Баардык нерсенин жолун тапса болот. Торт жасоо сиздин да колунуздан келет!


## 50% АЛДЫН АЛА ТӨЛӨӨ БОЛБОСО ТОРТ ЖАСАЛБАЙТ

Буюртма көп түшкөндүктөн кээде алардын номерлерин да адаштырып алам. Бир эже чалып торт заказ берген болчу. 50% алдын ала төлөө болбосо торт жасалбайт. Ал эже которгон эмес болчу. Эртеси күнү сабакка кетип жатсам "Менин тортуму жасайсынбы, тортум эмне болду", - деп жазат . Мен азыр сабакка кетип жатам, эртерээк айтпайт белеңиз деп урушуп берипмин. "Ийи жасап берсең жакшы болмок", - деп эле калды. Көрсө мен 2 күн башта заказ берген эжеге ушунтип жазып алыпмын(күлүп). Ал эже башка бирөөгө заказ бериптир. Кийин жазып, кечирим сурагам.



**Майрам Шарип кызы**

# БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ



Сүрөттүн аталышы: «Түнкү террасадагы кафе».

Автору: Винсент ван Гог (1853-1890).

Жазылган жылы: 1888-жыл

Өлчөмү: 80,7 х 65,3 см.

Техника: Майлуу боёк.

Материал: Холст

Учурда Крёллер-Мюллер музейинде сакталып турат.

## КАРА БОЁК КОЛДОНУЛБАЙ ТАРТЫЛГАН ТҮН

Винсент ван Гогдун "Түнкү террасадагы кафе" картинасы - бул түнкү пейзаждын сүрөтү гана эмес, бул эмоциянын көрүнүшү, философиялык ой жүгүртүү жана ой жүгүртүүгө чакыруу. 1888-жылы сентябрда Арлесте тартылган сүрөт сүрөтчүнүн эң таанымал чыгармаларынын бири болуп саналат.

Ван Гог түстөрдүн чебери болгону белгилүү. Ал сүрөттү жандуу көрсөтүү үчүн сары, көк жана жашыл түстөрдү пайдаланган. Терраса лампаларынын жаркыраган сары жарыгы түнкү асман менен карама-каршы келип, жайкы жылуу кечтин элесин берет. Көрүүчү көрөөр замат чырактардан келген жылуулукту сезет. Жаркыраган, майрамдык атмосферанын артында тереңирээк нерсе жатат. Кафедеги жаркыраган жарыктары - бул адамзат цивилизациясынын метафорасы болуп саналат. Ван Гогдун чыгармаларынан бул сүрөт уникалдуу. Ал "Түн күнгө караганда жандуу жана түскө бай", - деп айткан.

## КЫЗЫКТУУ ФАКТ

Сүрөтчү сүрөттү тартууда бир грамм кара боек колдонгон эмес, бирок ал түнкү асманды жана жылдыздардын укмуштуудай жарыгын чеберчилик менен чагылдыра алган. Ван Гогдун бул картинасы 150 жылдан азыраак убакыттан бери таң калыштуу жана талаштуу. Карапайым көрүүчүлөр жылуу түстөрдү жана шаардын ажайып коздугуна суктанса, башка искусство инсандары сүрөттүн жашыруун маанилерин табууга аракет кылышып, ар кандай гипотезаларды айтып, сүрөтчү бул сүрөтү менен жашыруун бир нерсени айткысы келген деп эсептешет. Нидерландиялык бул сүрөтчүнүн эмгектери көзгө көрүнгөндөн алда канча көп сырларды жана жашыруун билдирүүлөрдү өзүнө сактап, сырдуу бойдон калып келет.



**Малика Токтосунова**



# МЕН СТУДЕНТМИН

Студент – бул өмүрүнүн эң кызыктуу, маанилүү жана шаңдуу мүнөттөрүн окууга да, жумушка да арнап жашап жаткан адам десек болот. Себеби бул куракта жаш студент – жаңы чөйрөгө аралашып, жаңы досторду таап, жаңыча ой жүгүртө баштайт. Дүйнө таанымы кеңеет. Дагы да мыкты максаттарды коюп, ага карай жол салат. Өз келечегин курат. Дал ушундай аракетчил студенттердин бири Кыргыз-Кытай факультетинин 4-курсунун студенти Мээрим Кадырова "Мен студентмин" программасынын кезектеги коногу болду. Мында биз студенттердин жетишкендиктери, окуудагы ийгиликтери жөнүндө сөз кылабыз.

***— Мээрим Кадырова ким?***

— Мээрим Кадырова — Кыргыз-Кытай факультетинин 4-курсунун студенти, котормочу жана жеке ишкер. Окуусу менен катар өз бизнесин ийгиликтүү башкарып келет, бул анын билимин гана эмес, практикалык көндүмдөрүн да байытууда.

***— Окуу жайга кантип тапшырып калдыңыз?***

— Кыргыз-Кытай факультетине тапшырам деп мурдатан эле максат койгом. Кытай элинин бай тарыхы, маданияты жана дүйнөлүк экономикадагы ролу мен үчүн ар дайым кызыктуу болгон. Кытай тилин жана маданиятын изилдеп, ал өлкөнүн мүмкүнчүлүктөрүн терең түшүнүүнү кааладым. Окуу жайга кирүү — бул кыялыма жетүүнүн алгачкы кадамы болду.

***— Кытай тилин үйрөнүүгө эмне түрткү болду?***

— Азыркы учурда кыргыз-кытай мамилелери тыгыз байланышта, ар кандай соода жана маданий келишимдер көп түзүлүүдө. Мен кытай тилин үйрөнүү менен ошол мүмкүнчүлүктөргө кеңири жол ачам деп эсептейм. Кытай тили — заманбап экономикада зор мүмкүнчүлүктөрдү ачкан тилдердин бири.

***— Төрт жыл ичиндеги жетишкендиктериңиз?***

— Окуу учурунда көптөгөн ийгиликтерге жетише алдым. Биринчи курстан эле факультет аралык конкурстарга катышып, анын аркасы менен бир катар сыйлыктарга ээ болдум. Мамлекеттик деңгээлдеги сыйлыктарды алгандан сырткары, Кыргызстандын мыкты 100 студентинин катарына кирдим. Ошондой эле КМШ мамлекеттеринин ортосундагы студенттер аралык конкурстарда да ийгиликке жетиштим.

2-курста Казакстандын Астана шаарындагы Евразиялык университетте окуп, көптөгөн жаңы тажрыйба жана билим алдым. 2024-жылы Кыргыз-Кытай программанын алкагында Кытайга барып, Кытайдын тарыхы жана маданияты менен жеринде таанышууга мүмкүнчүлүк алдым. Бул сапар мага абдан чоң таасир калтырды.

Ал эми азыркы учурда мен кытай компаниялары менен иштешип, өз ишимди жүргүзүп келем. Кытайдан Кыргызстанга ар кандай товарларды алып келип, ишканам аркылуу ири келишимдерди түзүүдөбүз. Булардын арасында машиналардан баштап, заводдорго чейин импорттоо долбоорлорун ишке ашырдык. Мисалы, эң чоң долбоорлордун бири — даяр пескоблок чыгаруучу заводду Кыргызстанга алып келип, аны ишке киргизүү болду. Бул курулуш тармагында чоң жетишкендик деп эсептейм.

***— Окуу менен бизнести чогуу алып кетүүнүн түйшүгү кандай?***

— Ооба, окуу менен бизнести айкалыштыруу оңой эмес, бирок каалоо болсо, баарына жетишсе болот. Мугалимдерим ар дайым мага колдоо көрсөтүп, сабактарымды жана иш графигимди ыңгайлуу түзүүгө жардам беришет. Менин ишим Кытай менен байланыштуу болгондуктан, алардын колдоосу да чоң роль ойнойт. Ишкерликти окуу процессинен сырткары жүргүзгөнгө аракет кылам, ал эми сабактарды өткөрүп жибербөө үчүн мугалимдерге түшүндүрүп, сабактарымды убагында толуктайм.

***— Жашоодо эмнеге өкүнөсүз?***

— Жашоодо көп нерсеге өкүнбөй, бардык мүмкүнчүлүктү пайдаланып жашаганга аракет кылам. Кээде майда нерселерге өкүнсөм да, аны сабак катары кабыл алып, алдыга жылуу керек деп ойлойм. Азыркы учурда жетишем деген максаттарымдын көбүнө жеттим, жана мындан ары дагы жаңы максаттарга умтулуп жатам.

***— Эмне максат кыласыз?***

— Азыркы учурдагы чоң максаттарымдын бири — окуумду Кытайда улантуу. Кыргыз-Кытай кызматташтыгынын өнүгүшүнө өз салымымды кошкум келет. Муну ишке ашыруу үчүн мен көп изденүүдө болуп, мүмкүнчүлүктөрдү колдонуунун үстүндө иштеп жатам.

***— 1-курстун студенттерине кеңешиңиз?***

— 1-курстан тарта окууга толук берилип, билимге көңүл буруңуздар. Андан кийин, 2-курстан баштап өзүңөргө ишенимдүү болуп, кайсы бир тармакта иштеп баштасаңыздар болот. Бирок, биринчиден, фундаментти түзүп алып, ошондон кийин гана жумушту ойлоңуздар. Туура жол менен иш алып барсаңыздар, окуу менен ишти айкалыштыруу да мүмкүн.



**Равшан Каримов**

# ФИЗИОГНОМИКА ЭМНЕ ЭКЕНИН БИЛЕСИЗБИ?

**Физиогномика — бул адамдын жүзүн, бет түзүлүшүн жана мимикаларын изилдеп, анын мүнөзү, темпераменти жана психологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат алуу аракетине негизделген дисциплина. Адамдын физикалык көрүнүшү анын ички дүйнөсү жөнүндө белгилүү бир деңгээлде маалымат берет деген идеяга негизделет. Бул түшүнүк байыркы замандардан баштап заманбап коомго чейин ар кандай маданияттарда изилденип жана колдонулуп келген.**



## ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮШҮ

### 1. Байыркы мезгил

Физиогномиканын тарыхы байыркы мезгилге барып такалат. Байыркы Египет жана Вавилон сыяктуу цивилизациялар физиогномикалык идеяларды өзүнө сиңирген. Андан кийин, байыркы Грецияда физиогномика философия жана медицина менен тыгыз байланышта болгон. Мисалы, Гиппократ жана Аристотель адамдын сырткы келбети анын ички абалынын көрсөткүчү болушу мүмкүн деп ишенишкен. Аристотель физикалык өзгөчөлүктөр менен адамдын жүрүм-туруму жана мүнөзүнүн ортосунда түз байланыш бар экенин жазган.

### 2. Орто кылымдар жана Ренессанс

Орто кылымдарда физиогномика медицинанын, философиянын жана мистикасынын бир бөлүгү катары кабыл алынган. Айрыкча Ренессанс доорунда бул идеялар күчөп, илимпоздор жана искусство чеберлери адамдын сырткы келбети анын жан дүйнөсүнүн күзгүсү болушу мүмкүн деп ишенишкен.

### 3. XVIII кылымдагы өнүгүү

Физиогномиканын популярдуулугу XVIII кылымда швейцариялык теолог жана философ Иоганн Каспар Лафатердин иштери аркылуу дагы да жайылган. Ал физиогномика боюнча эмгектерди жазып, адамдын жүзүндөгү белгилер аркылуу анын мүнөзү жөнүндө тыянак чыгарууга болот деп ишендирген. Лафатердин идеялары өз мезгилинде кеңири жайылган жана китептери көптөгөн тилдерге которулган.

### 4. XX кылымдагы төмөндөө

XX кылымда физиогномиканын илимий негиздүүлүгү тууралуу көптөгөн суроолор пайда болгон. Адамдын мүнөзүн сырткы көрүнүшкө жараша баалоо стереотиптерди жана расалык, этностук калың пикирлерди күчөтүп, адилетсиздиктерге алып келген учурлар болгон.

## ФИЗИОГНОМИКАНЫН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

Физиогномикада адамдын бет түзүлүшү, анын мимикалары жана жалпы келбети ички сапаттар менен байланышта деп эсептелинет.

## НЕГИЗГИ АСПЕКТИЛЕР:

1. **Көздөр:** Көздөрдү "жан дүйнөнүн күзгүсү" деп аташат. Терең, чоң көздөр акылмандыкты жана сезимталдыкты билдирет деп ишенишет. Тескерисинче, майда жана тайыз көздөрдү айрымдар терс мүнөздөр менен байланыштырышат.
2. **Мурду:** Узун жана түз мурун чечкиндүүлүктү, лидерлик сапаттарды билдирет деп кабылданат. Кыска же жазы мурунду аяр жана чынчылдык менен байланыштырышат.
3. **Оозу:** Кең ооз – ачыктыкты жана социалдык мүнөздү чагылдырат. Кичинекей ооз интроверттик, токтоо мүнөздү билдирет деп ишенишет.
4. **Жаак түзүлүшү жана жаак сөөктөрү:** Жаак жакшы өнүккөн жана квадрат формасында болсо, адамдын күчтүү, чечкиндүү экенинен кабар берет деп саналат.
5. **Бет симметриясы:** Симметриялуу жана тең салмактуу бет кооздук жана гармония менен байланышта болот. Симметриянын бузулушу адамдын психикалык же эмоционалдык дисбалансын көрсөтүшү мүмкүн деп ойлошот.

## ФИЗИОГНОМИКАНЫН ЗАМАНБАП СЫН-ПИКИРИ

Бүгүнкү күндө физиогномикага карата сын-пикирлер көп кездешет. Биринчиден, анын илимий негиздери жок жана ишенимдүү далилдерге таянбайт. Мисалы, физиогномика расалык, генетикалык өзгөчөлүктөрдү эске албай, белгилүү бир физикалык өзгөчөлүктөрдү бир тараптуу жоруйт. Бул стереотиптерге, расизмге же калың пикирлерге алып келиши мүмкүн.

## ФИЗИОГНОМИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ

Айрым замандаш психологиялык изилдөөлөр адамдын дене тили, жүз кыймылы жана мимикасы аркылуу анын эмоционалдык абалын, ниетин жана мамилесин түшүнүүгө болот деп айтат. Бирок бул физиогномиканын толук концепциясы эмес. Психологиялык ыкмаларда мимикаларды жана дене тилин интерпретациялоо конкреттүү контекстке жана жагдайларга жараша жүргүзүлөт.

## НАТЫЙЖА

Физиогномика – бул адамзаттын миңдеген жылдар бою бет мүчөлөрү менен мүнөзүнүн ортосундагы байланышты изилдөөгө болгон аракетин чагылдырган кызыктуу дисциплина. Албетте, анын илимий далилдери жана тууралыгы суроо туудурат, бирок тарыхый жана маданий мааниси чоң.

**Айгерим Эшбаева**

# КАЛЕМГЕР

Ар бир адамда табиятынан берилген талант болот эмеспи. Ал талантты өркүндөтүп кетиш өз колубузда. Биздин студенттер да кайсыл тармак болбосун өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үстүндө жан үрөп иштеп жатышат. Алардын арасында ыр жазган досторубуз да бар. Мына ушул досторубузду коомчулукка тааныштыруу максатында "Калемгер" аттуу рубрикабызды сунуштайбыз. Анда эмесе жаш досубуздун дүйнөсүнө сүңгүйлү.



*Бизди аңдып турган сымал көрүнүп,*
*Бакыт жааган жамгыр көктө камынат.*
*Биз экөөбүз көрүшкөндө төгүлүп,*
*Биз экөөбүз коштошкондо басылат.*



## Аниель Куламжанова

Аниель Куламжанова 2006-жылы 14-апрелде Казакстан Республикасында төрөлгөн. 5 жашында Кыргызстанга үй-бүлөсү менен көчүп келген. 2012-жылы Ош шаарынын Алай районундагы №1 М.Адышев атындагы гимназиясынын 1-классына кирип, аны 2023-жылы ийгиликтүү аяктады. Учурда ОшМУнун Филология жана маданият аралык коммуникациялык институтунун 2-курсунун студенти.



## Сулуу эне

Аяр шилтейт бир жаш айым кадамын,
Алдында эки тамтуң баскан жаш бала.
Баар жыттантып терген гүлүн баланын,
Алган эне ажарлуу да, жакшына...

Көп тиктедим бактысына суктанып:
Курсагына, балдарына, өзүнө.
Көк көйнөкчөн ушул эне нурданып,
Келечегим чагылышты көзүмө...

Бүтөт бир күн жаштык ырым жыргалым
Мен мезгилдин этегинен кармагам.
Мага мендей суктангыдай башкалар,
Эртең мен да курсагыма жан багам...

Бошотулат эртеби-кеч орундар,
Агымы тез "турмуш" деген кеменин...
Азыр эле бараткандай сезилдим,
Изи менен ошол сулуу эненин...

## Сырларым бар

Сөздөрүм бар оргуштаган ичимде,
Бирок ээси укпаган.
Ырларым бар мен жазганда кечинде,
Ээси дайым уктаган.

Сезимдер бар күчөп турган ар күнү,
Бирок айтпайм эч эле.
Бир-бирине айтылбаган ак сүйүү,
Узак жашайт дечү эле.

Катып жүргөн сырларымды купуя,
Жашыра албайт көздөрүм.
Ал да мендей карап турса жылмая,
Кереги эмне сөздөрдүн?..

Сыр, ырларым бир мезгилде жүрүп биз,
Айтылары бүдөмүк.
Мен үндөбөйм күчү өчпөй сүйүүбүз,
Жашасын деп түбөлүк...

***

"Чийме" дептер, жалгыз калем, жалгыз мен,
Тар бөлмөдө кайгылуу ыр коштоодо.
Караңгыга сүңгүп кеткен алсыз дем,
А көңүлүм бир адамды ойлоодо...

Кечээ көргөм, бүгүн болсо чалышып
Уксам дагы үнүн күтүп зарыгам.
Алыс болсок алыстыктан ашыгып,
Жакын болсок жакындыктан сагынам.

Чырмалышат ой-кыялдын желеси:
Алчага окшош топтоголок жаралып,
Мага сүйкүм кой көзүнүн элеси,
Түшпөс болду карегиме кадалып...

Турат денем караңгыга оролуп,
Жылтыр жаштар дагы жакшы көрүнбөйт.
Мен өзүмдү ал адамда жоготуп,
Күз коштогон сагынычым төгүндөйт...



*Жан дүйнөнүн сырын келген билгиси,*
*Бир акында жашайт экен миң киши.*
*Акын деген ай ааламдын жарчысы,*
*Акын деген адамдыктын үлгүсү...*

**С. Маматкары уулу**

# ВИТАМИНДЕР – ДЕН СООЛУКТУН НЕГИЗГИ БУЛАГЫ

Адам жашоосунда эң баалуу нерсе эмне? Көпчүлүк бул суроого "ден соолук" деп жооп берет. Чынында эле, ден соолукту сактоо менен адам бактылуу жана ийгиликтүү жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ден соолукту чыңдоо үчүн туура тамактануу, спорт, көп кыймылдоо жана позитивдүү ой жүгүртүү маанилүү. Ден соолукту чыңдоонун бул факторлорунун ичинен эң негизгилеринин бири – бул туура тамактануу. Себеби организм ден соолукка керектүү витаминдерди азыктардан алат.



## ВИТАМИНДЕР ДЕГЕН ЭМНЕ?

Витаминдер – бул организмге керек болгон, сырткы чөйрөдөн тамак-аш менен алынуучу органикалык заттардын тобу. Алар организмдеги зат алмашууну, иммундук системаны жана көптөгөн маанилүү функцияларды жөнгө салат. Витаминдердин ар бири ар башка функцияны аткарып, ден соолукту чыңдоодо маанилүү роль ойнойт.

## ВИТАМИНДЕРДИН АЧЫЛЫШЫ

Витаминдердин ачылышы орус окумуштуусу Н.И. Лунининдин 1880-жылдардагы изилдөөлөрүнө байланыштуу. Ал тамак-ашта организмдин иштеши үчүн өтө зарыл, бирок буга чейин белгисиз болгон зат бар экендигин аныктаган. 1912-жылы польшалык окумуштуу Казимир Функ бул заттарды "витамин" деп атап, алардын жашоо үчүн маанилүү экенин белгилеген. Аталган термин латынча "vita" (жашоо) деген сөздөн алынган.

## ВИТАМИНДЕРДИН ФУНКЦИЯСЫ

Витаминдер төмөнкү маанилүү функцияларды аткарат:

- **Зат алмашууну жөнгө салат.** Витаминдер клеткалардагы химиялык процесстердин жүрүшүнө жардам берип, организмдеги ар кандай реакцияларды тездетет.
- **Иммундук системаны чыңдайт.** Алар организмдин инфекциялар жана оорулар менен күрөшүүсүн жакшыртат.
- **Организмдин өсүшү жана калыптануусу.** Витаминдер клетканын өсүшүнө жана өз убагында жаңылануусуна жардам берет.
- **Сөөктөрдүн жана тиштердин бекемдигин камсыздайт.** Витаминдер кальцийдин жакшы сиңирилишин жана сөөктөрдүн бекем болушун камсыздайт.

## ВИТАМИНДЕРДИН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА БУЛАКТАРЫ

Витаминдердин эки негизги түрү бар: сууда эрүүчү жана майда эрүүчү витаминдер. Учурда 50гө жакын витамин белгилүү, алардын көбүн тамак-аштан табууга болот.

**Витамин А (ретинол)**

Бул витамин көздүн көрүүсүн, теринин саламаттыгын, иммундук системаны чыңдоого жардам берет. Анын жетишсиздиги көз ооруларына, өсүүнүн токтошуна жана инфекцияларга каршы туруктуулуктун төмөндөшүнө алып келет. Бул витаминдин негизги булагы:

- Балыктын майы
- Жаныбарлардын боору
- Сабиз, помидор сыяктуу жашылчалар

**Витамин D (кальциферол)**

Кальциферол сөөктөрдү бекемдөө жана кальцийдин организмде жакшы сиңүүсүнө жардам берет. Анын жетишсиздиги рахит жана сөөк ооруларына алып келет. Негизги булактар:

- Күн нуру
- Сүт азыктары, жумуртка, боор

**Витамин В1 (тиамин)**

Тиамин нерв системасынын нормалдуу иштеши үчүн зарыл. Анын жетишсиздиги нерв ооруларына жана жалпы алсыздыкка алып келет. Булактар:

- Буудай
- Гречка
- Пиво жана нан дрожждору

**Витамин С (аскорбин кислотасы)**

Витамин С иммундук системаны чыңдайт, антиоксидант катары таасир берип, организмди эркин радикалдардан коргойт. Анын жетишсиздиги цинга (ооздогу жаралар, тиштердин түшүүсү) оорусуна алып келет. Булактар:

- Лимон, апельсин сыяктуу цитрус жемиштери
- Брокколи жана шпинат

## ВИТАМИНДЕРДИН АШЫКЧА КОЛДОНУЛУШУ ЖАНА ЖЕТИШСИЗДИГИ

Организмдеги витаминдердин жетишсиздиги ар кандай ооруларга алып келет. Витаминдер жетишсиз болсо авитаминоз пайда болот, ал эми ашыкча колдонулганда гипервитаминоз оорусу келип чыгат. Мисалы, А витамини ашыкча колдонулганда уйкусуздук, баш ооруу жана тери көйгөйлөрү байкалат. Витаминдердин жетишсиздиги менен күрөшүү үчүн кыш жана жаз айларында витаминге бай тамактарды көбүрөөк колдонуу керек.

Витаминдер адам организминде ар кандай маанилүү ролдорду аткарып, ден соолукка таасир берет. Алардын жетишсиздиги же ашыкча болушу организмдин иштешине терс таасир этиши мүмкүн. Ошондуктан күнүмдүк тамак-аш рационубузга витаминдерге бай азыктарды кошуу аркылуу организмди колдоп туруу зарыл.

**Таттыбүбү Гуламова**

# БИЛИМ АЛУУНУН ЧЕК АРАСЫ ЖОК

Азыркы учурда билим алуу мүмкүнчүлүктөрү чек аралар менен чектелбейт. Чет мамлекеттерге билим алуу же тажрыйба алмашуу үчүн чыгып жаткан жаштар көбөйүп, бул процесстер студенттер үчүн жаңы горизонтторду ачууда. Мобилдүүлүк программалары аркылуу чет өлкөгө барып келген студенттер өздөрүнүн жашоосунда чоң өзгөрүүлөрдү байкап, жаңы билим жана тажрыйба топтошууда. Бүгүн биз чет жакта окуп, жаңы деңгээлдеги мүмкүнчүлүктөргө жол ачкан ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультетинин 2-курсунун студенти Байэл Нурдунов менен маектешебиз.



– ***Саламатсызбы, Байэл? Алгач өзүңүздү окурмандарга тааныштырып кетсеңиз?***

– Саламатсызбы, мен, Байэл Нурдунов, ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультетинин 2-курсунун студентимин. 2024-жылы мобилдүүлүк менен Кытайга барып, жарым жыл окуп келгем. Азыркы убакта Ошко келип, окуумду улантып жатам.

– ***Мектепте кандай окудуңуз? Кандай ийгиликтерди жараттыңыз? Эмнеге кызыгасыз?***

– Мектепте тырышчаак окуучу элем. Чет тилдерге жана математикага өзгөчө көңүл бурчумун. Бул мага логикалык ой жүгүртүүнү жана баарлашуу жөндөмүмдү өнүктүрүүгө жардам берди. Сынактарга активдүү катышып, бир нече жолу байгелүү орундарга ээ болдум. Жетишкендиктерим катары мектеп олимпиадаларына, ар кандай иш-чараларга катышканымды айта алам. Жеңүүчү болуп сыйлыктарды да алууга жетиштим. Студент мезгилимде Кытайдагы окуу жайга алмашуу программасы менен окуп келүү да менин жашоомдо маанилүү кадам болду. Компьютердик оюндарга жана программалоого да кызыгам. Бул мага логикалык ой жүгүртүүнү жана чыгармачылыкты өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Андан сырткары кытай тилин үйрөнүп жатам.



– ***Чет өлкөдө жогорку билим алам деп качан чечим кылдыңыз?***

– Мен кичинекей кезимден эле башка элдин маданиятына жана тилдерге кызыгуум бар болчу. Окууга тапшырып, кытай тилин үйрөнүп баштаганда бул каалоом ого бетер күчөдү. Кытайда мобилдүүлүк программасына катышуу мүмкүнчүлүгү пайда болгондо, мен өзүмдү сынап көрүүнү чечтим.

– ***Чет өлкөдөн билим алсам, деп эңсеп жүргөн жаштарга кандай кеңештерди бересиз?***

Алгач тил үйрөнүңүз. Андан кийин стипендиялык программаларды издеп, ылайыктуусун тандаңыз. Жаңы билимдерди алууга умтулуңуз. Максат коюңуз, жакшы досторду табыңыз. Талыкпай билим алыңыз жана алган билимди пайдалана билиңиз дейт элем.

– ***Окууну аяктагандан кийин, өзүңүздү кандай элестетесиз жана алдыңызга кандай максаттарды коюп жатасыз?***

– Окууну аяктаган соң өзүмдү алдымдагы мүмкүнчүлүктөрдү колдонууга даяр, жаңы билимдерге ээ жана дүйнөгө кененирээк көз караш менен караган адам катары элестетем. Окуу учурунда алган тажрыйбам жана билимим мага ар кандай тармактарда иштөө үчүн жакшы база болуп берет деп ишенем.

– ***Кыргызстанга кандай салымыңызды кошкуңуз келет?***

Келечекте Кыргызстан менен Кытай ортосундагы соода жана инвестицияларды жакшыртууга салымымды кошкум келет.

– ***Сиздин окуунузга ийгилик каалайбыз, алдыдагы койгон чоң максаттарыңыз ишке ашышына тилектешпиз!***

– Рахмат, сиздердин да ишиңиздерге ийгилик!





**Айдина Абдунабиева**

Жаштык бул – ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# Айылга кат

Доор алмашып, техниканын заманы келип, интернет көз ачып-жумганча көздөгөн жериңе жеткирип, каалаган адамың менен көзмө-көз сүйлөштүрүп турган кезде кат жазуу тууралуу кийинки муундарга айтсак жомок болчудай. А бирок мен ошол кат күткөн, кат жазган муундун өкүлүмүн. Улуу Ата Мекендик согушка кеткен уулдарынын жок дегенде катын өмүр бою күтүп жүрүп бул жазмыштан өтүп кеткен апаларды көрүп калган муундун өкүлүмүн. Ушундай жагдайда айылыма кат жазыш мен үчүн абдан маанилүү. Кат десе 2014-жылы каза болгон колумбиялык атактуу мексикалык жазуучу Габриэль Гарсиа Маркестин «Полковникке эч ким кат жазбайт» аттуу чыгармасы эске келет. Көркөм чыгармадабы же жашоо-турмуштабы, катты зарыга күтүп, жашоонун








жарык бир учкуну катары туткандар бар экенин жакшы билем. Айылымда эч кимиси жок Айкан апа бар эле, биз «тимурчулар» турмуш-тиричилигине жардам берип каралашчубуз. Ошол апа согушка кеткен жакындарын жана алардын алакандай катын өмүр бою күтүп жүрүп, дүйнөдөн өтүп кетти...

Мен жашоомдо да ыраматылык болуп кеткен апам менен атамдын катын күтүп, кайра аларга жазчумун. Алар менден кат күтө тургандыгын эң сонун билчүмүн. Андыктан, үзбөй жазганга аракет кылар элем. Ал почточу ата-энем үчүн эң маанилүү адам болучу. Акын болом деп калем сап колума кармагандан баштап кат жөнүндө ыр да жазгам:

Карындашым Нуржандан
Кат жаздырат «Балам» деп.
«Кандай окуп жүрөсүң?
Биз жүрөбүз аман» деп
Ортосунан бүктөлгөн
Ушул каттар топ барак
Момпо салган апамдын
Кемсели эле жыттанат...

Мына ушундай баа жеткис, кымбат, ал тургай таттуу каттарды алчубуз, жазчубуз. Менин кичи мекеним Жан-Булак деп аталат. Алыскы Нарын облусунун Нарын районунда жайгашкан. Илгери айылдын талаасын кыпкызыл мандалактар ээлеп жатчу экен. Ачарчылык убакта ошол мандалактын түбүн жеген учур болгон дешет. Ошондо эл арасында «жайы-кышы мандалак, жан сактаткан Жан-Булак» деген кеп айтылып калган дешчү аталарыбыз.

Айылыбыз кең жайык жерде орун алган, жанынан карт Нарын дарыясы агып өтөт. Баары өзгөрүлгөн заманда Нарын дарыянын шоокуму гана өзгөрүлбөй, кирген кезде чамынып, күрпүлдөп, ал эми суусу тартылганда мелмилдеп, жай агып, бирок шоокуму ар дайым угулуп турат. Айыл менен дарыянын ортосун колу-бутубузду тыттырып терип жеген кычкыл чычырканак жыш өскөн токой, таптаза мөлтүр булак, анан кышкысын суукту тогоптой, көк муштум болгончо жылгаяк тепкен дөбө тосуп турат. Мунун баары мага азыр да кымбат жана дайым өзүнө тартып турган касиетке ээ.

Айылым – күрөштүн, тирүүлүктүн борбору. Ал эми атам салган үй азыр – бала бакча

Айылдаштарымдын арасында эсте калчу адамдар арбын, мен үчүн сырттан болсо да ар биринин орду өзүнчө, андыктан бөлүп атагым келген жок. Аксакалдар сабырдуулугу, элди сөзгө тарта билгендиги менен, байкелер шайырлыгы, тамашакөйлүгү, айылды күлдүргөн жоруктары менен жадымда. Ал эми апалар ээрчишип алып, ынтымактын белгиси катары айыл аралап айылчылаганын азыр да жылуу эстейм. Сулуулугу, билими, шакылдаган эпчилдиги менен таасирленткен жеңелер, эжекелер азыр байбичелерге айланды. Алар азыр мөмөлүү бай түп дарактай.

Күрөштүн, тирүүлүктүн борбору айылдай сезилет мага. Айылдан эл түп көтөрө көчүп, баары шаардык болуп кетсе кыргыз, кыргыз болбой калчудай сезилет. Мен үчүн туулган жерим кымбат жана өзгөчө. Жакында айылыма белек кылдым. Он бир тууганым, атам, апам менен жашаган, балалыгым өткөн, пайдубалым түптөлгөн үйүмдү, айылымдын кетирекей бөбөктөрүнө арнап, заманбап бала бакчага айланттым.

Бул чечим да оңойго турган жок. Көпкө ойлондум, «баягынын балдары» дедиртип, үйдө туугандарыбыздын бири жашаса дедим, ата-энемдин көзү бар мезгилдей эшик какпай киргени коңшулардын аягы үзүлбөсө дедим.

Бирок Жаңы жыл алдында айылыма барып, бала бакчага айланган атам тургузган үйдөн наристелердин шаттуу күлкүсүн угуп, эң туура чечимге келгениме дагы бир жолу ынандым. Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда балдар менен бирге газдалган камерага кирип уулanып өлгөн белгилүү польшалык жазуучу Януш Корчактын «Унутпагыла, адамдын эң маанилүү жолугушуусу – бул анын балдар менен жолугушуусу» деген канаттуу сөзү эске келди.

Эми айылымда балдар үчүн көйгөй чечилди, заманбап шарттагы бала бакча бар. Ал жерден келечек муун татыктуу тарбияланып чыгып, ырымда айтылгандай менин Жан-Булак айылым «Бүтпөгөн бул дүйнөнүн кармашында» болот.

Ал эми айылыма кирип бара жаткан дөбөдө жаткан ата-энемдин, айылдаштарымдын мүрзөсү тирүүлүккө Кароол дөбөдөй болуп турганы турган. Бул жер да бул оомалуу-төкмөлүү дүйнөнүн кызыгы менен баасын, өткөнүмдү, ары карап кеткен айылдаштарымды эске салып турган өзүнчө бир тараза.

**Интернеттен алынды**

# СТУДЕНТТИК АШКАНА

**Студенттик жашоо — бул билим алуу менен гана чектелбестен, жашоонун ар тараптуу жана кызыктуу аспектилерин таанууга да арналган уникалдуу этап. ОшМУда билим алып жаткан студенттердин күнүмдүк жашоосунда маанилүү орунду ээлеген нерселердин бири – ашкана. Ашкана — студенттердин чогулуп, тамактануусу, дем алышы, бири-бири менен баарлашуусу үчүн идеалдуу жай. Бул чыгарылышта мен, Айганыш, ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебиндеги ашкананы, анын шарттарын жана тамактарынын сапатын тааныштырам. Ашкананын шарты менен тамагынан даам сызып, көп убакыттан бери иштеп келе жаткан Сайкал Керимжан кызы жана тамактанып отурган студент Эркайым Болотбекованы кепке тарттым.**



***— Сайкал, студенттер ашканага кайсыл убакта көбүрөөк келип тамактанышат?***

— Биздин ашканага студенттер көбүнчө түштөнүү убактысында киришет. Ошондой эле, акыркы убактарда таңкы тамакка да көп келе башташты. Биз аларды толук тейлеп, тамак-аш менен камсыз кылууга жетишебиз.

***— Ашканаңыздарда тамактын канча түрү жасалат? Кошумча кандай азыктар бар?***

— Учурда ашканага кирген кардарларга ылайыкташкан тамактын 20дан ашуун түрү жасалат. Аш тизмегибизге күн сайын жаңы тамактар кошулуп турат. Андан сырткары, ширindиктер бар. Бизде өзгөчө эртең менен дайыма шербет жасалат. Желим идиштерге айран куюлуп, таза туруучу жерлерге коёбуз.

***— Айтыңызчы, учурда эң кымбат тамак канча турат?***

— Биз окуу жайдын ашканасы болгондуктан, студенттердин капчыгына ылайык гана бааны коёбуз. Аш тизмегибизде эң кымбат тамактын баасы 180 сомду түзөт, ал эми калган тамактар андан төмөн. Студенттерге ылайык бааларды сактоону максат кылуудабыз.

***— Студенттердин эң сүйүктүү тамагы деп кайсы тамакты айтат элеңиз? Шарттары боюнча да кошумчалай кетсеңиз?***

— Студенттердин көпчүлүгү окуп, иштеп жаткандыктан, тамак-аштан өздөрүн аяшпайт. Ошентсе да, негизинен биринчи жана экинчи тамакка караганда жеңил тамактарды көп буюртма беришет. Ашканабыз таза, күнүнө 3 маал тазалап турабыз, ичи абдан кенен жана жарык. Идиштерди өз маалында жууп, кургатып, анан пайдаланууга беребиз. Тамактанууучуларга бардык шарттар түзүлгөн.

***— Маек бергениңиз үчүн рахмат, иштериңизге ийгилик каалайм!***

—Рахмат!

Ашкана кызматкеринен сырткары, тамактанууга кирген студент Эркайым Болотбекованын пикирин да билгим келди. Ал Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин 2-курсунун студенти.

***— Эркайым, айтсаңыз, ашканага дайыма келип тамактанасызбы? Бир жолку тамактанууга канча каражат чыгаша кыласыз?***

— Ооба, ушул жерде билим алгандыктан, дайыма тамактануум да ушул жерде. Эң башкысы, арзан жана даамдуу. Тамактары мага абдан жагат. Досторум менен биргеликте келип, тамактанып кетебиз. Бүгүнкү тамактанууума 100 сом короттум. Башка учурда да ушундай эле, 100-150 сомду түзөт.

***— Пикириңиз үчүн рахмат, окууларыңызга ийгилик каалайбыз!***

— Рахмат!




**Айганыш Нурлан кызы**



# ЭКӨӨ

Таштын үстүндө олтурган адамга таштын түбүндө жаткан жылан кайрылды:
— Эмне кылып олтурасың, адам?
— Эс алып олтурам, а өзүңчү?
— Күнөстөп жатам. Кайдан келатасың?
— Көрүнгөн тоонун боорунан.
— Көрүнгөн тоонун боорунда эмне бар экен?
— Өскөн үй. Көгүлтүр туман жана жаңы чыккан байчечекей.
— Ошол элеби?
— Кете элек кар жана көзү ачыла элек булак.
— Көрүнгөн тоо сага эмне берди?
— Өмүрдү жана өрөөнгө түшкөн жолду.
— А сен эмне калтырдың?
— Артымда калган жолду.
— Жолдон эмнелерди көрдүң?
— Агын суу менен жайкалган эгинди.
— Дагы?
— Чыккан күн менен бадачыны.
— Жолдон эмнеңи жоготтуң?
— Жаш кезимди жана сүйүүнү.
— Жол сага эмне берди?
— Өкүнүч менен тажрыйбаны.
— Дагы?
— Ишеним менен үмүттү.
— Көрүнгөн тоонун башына чыгып көрдүң беле?
— Көргөм.
— Эмне бар экен?
— Арылдаган шамал жана аңгыраган асман.
— Тоонун башында туруп эмнени көрдүң?
— Ушул өрөөндү.
— Эми кайда баратасың?
— Ушул өрөөндүн этегине. Батып бараткан күнгө жана бадасын айдап келаткан бадачыга. А сенчи?
— Мен ийниме кирем.
— Ийниң караңгыдыр?
— Албетте, бирок караңгысы — түндөй эле.
— Түн таптакыр караңгы эмес. Жылдызы менен Айы бар.
— Мен да ошону айтып жатам. Ийнимдин оозунан аз да болсо шоола өтүп турат. Ошого каниет кылам. А сен бактылуусуңбу?
— Ушул учурда бактылуумун.
— Эмне үчүн?
— Анткени, жолдо баратам.
— Жүрөгүңдө эмне бар, жолоочу?
— Тазаруу жана күтүү.
— Кантип тазардың?
— Алдамчы кыял менен сатып кеткен досумду кечирип — тазардым.
— Эмнени күтөсүң?
— Жакшылыкты.
— Анда жакшы бар, адам. Жолуң шыдыр болсун. Күн жылымы азайды, мен да ийниме кирейин.
Жылан ташты айланып чөптүн арасына сойлоп кетти. Адам да ордунан турду.

Сагын Акматбекова. 1986-жыл.

Булак: Рухеш

# Күзгү кайрыктар

## КҮЗ БАШКАЧА

Күйүт тартып, күү чертип билинбеген,
Күзгө болгон түгөнбөс сүйүүм менен.
Жалбыракты жактырам дарактагы,
Желге эркелеп, жепжеңил дирилдеген.

Күзгү жамгыр жай гана себеленген,
Күзгү дарак күбүлгөн, эбеленген.
Жүрөк зырп деп баарыңды аяп турам,
Аяп турам барикти тебеленген.

Татына күн өткөндөй түштө көрүп,
Табылбаган сүйүүмдү күзгө төгүп.
Жазда иштеп жактырам, ырыскымды,
Терип, жыйнап алганды күздө келип.

Сезим туйлап жүрөктө бир башкача,
Кийимдерин чечинген күз башкача.
Күйүт, азап баарысын күүп салган,
Күздө сүйүп жактырган кыз башкача.

Бакыт Орозбаев

## МЕНСИЗ КАНДАЙ ТОСТУҢ СЕН?

Нөшөрлөгөн жаан алдында калып биз,
Бактылуулук даамын бирге татканбызКанбыз.
Аруу күздү бирге тосуп ар жылы,
Мезгил менен көп кыялга батканбыз.

Азыр эми күндөр өтүп арадан,
Ушул күздү бирге тосо албадык.
Баары сынып, бырчаланып кыялдар,
Бир асманда кош жылдыздай жанбадык.

Жаанды сүйгөн тентек элем ал кезде,
Күздүн жаанын көз жаш менен коштодум.
Ушул күздө аруу сүйүүм аярлап,
Баягыдай күзгө мээрим кошподум.

Сүйгөн күзүм жагымсыздай сезилип,
Күздүн таңын кунары жок тостум мен.
Аргасыздан кайгы-азапка эзилип,
Күздүн таңын менсиз кандай тостуң сен?

Жеңишбек кызы Үмүтай

## КЕТПЕЧИ КҮЗҮМ

Кеч күзүм келди, кечиккен менин сүйүүмдөй
Жаз мезгил өтүп, жаштыгым сымал билинбей.
Сапсары болуп, жалбырак басып багымды
Саргарып турат, өң түстөн кеткен кийимдей.

Сары түс бирок алтындын даана өзүндөй,
Жылтылдап жанып, табына келген сезимдей.
Коолдукка бөлөп кубулуп турган кеч күзүм,
Сүйөмүн сени жалындап турган кезимдей.

Кетпечи күзүм калгым жок ушу кышында,
Учурбай турчу, бакытым келген кушун да.
Мага окшоп балким жандар бар күткөн сүйүүсүн,
Кеч болсо дагы жолугуп алсын ушунда.

Усубакунова Касиет

## КҮЗ

Жайды кууп теребелге салып чыр
Жергебизге күз кучагын жайыптыр
Байчечектер өскөн жашыл адырлар,
Бопбоз болуп күнгө күйүп калыптыр.

Көрку кетип жүдөп, чөйрө, бак-дарак,
Куюн күчөп туш тарапка чаң салат.
Коңур түстүү кийип алып күрмөсүн,
Күз өзүнүн келгендигин жар салат.

Аптап кайтып, таңда муздак жел согуп,
Айыл кыйла, калыптыр ээ томсоруп.
Тоодон шамал келет анан оогондо түш,
Тоону дагы салуучудай томкоруп.

Ээн талаа эмгек менен сырдашып,
Элдер жүрөт эгиндерин жыйнашып.
Эң акыркы тобу кайтып турнанын,
Эверестти көздөй учат кырды ашып.

Күз өкүмүн жүргүзүүдө эң мыкты,
Көрүү кыйын азыр топ-топ чымчыкты.
Келгин куштар кетти жылуу жактарга,
Карга гана тосот жалгыз бул кышты.

Орозбай уулу Деңизбек

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Аниель Куламжанова
Малика Токтосунова
Гүлзар Максытали кызы
Эльнура Кудайбердиева
Таттыбүбү Гуламова
Айганыш Нурлан кызы
Айдина Абдунабиева

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902